УДК 372.8+378

Бапа кызы Айнура

# СТУДЕНТТЕРГЕ КЕСИПТИК-ПЕДАГОГИКАЛЫК БАГЫТ БЕРҮҮ МАСЕЛЕСИ

*Бул макалада жогорку окуу жайында окуу мезгилинде студенттер ээ болууга тийиш болгон кесиптик-педагогикалык багыт жана аны калыптандыруунун маселелери каралат.*

Базар экономикасына өтүү Кыргызстанда массалык, ошондой эле жогорку мектептердеги окуу процессин түп-тамырынан бери өзгөртүүгө обьективдүү шарттарды түздү. Биздин убакыт өзгөрүп туруучу дүйнө жана анын көптөгөн социалдык, экономикалык, илимий техникалык, маданияттык проблемалары менен өзгөчөлөнүп турат. Турмуштун калыптанган агымындагы терең өзгөрүүлөрдүн натыйжасында адамдарды өздөрүн, башкаларды, курчап турган дүйнөнү терең түшүнүүгө, алдыга башкача көз караш менен кароого мажбур кылган жаңы талаптар пайда болууда.

Мына ушуга байланыштуу педагогикалык илимде билим берүүнү өзгөчө социалдык институт, коомдун өзгөчө под- системасы катары кароо байкалууда. Бул болсо өз кезегинде приоритеттүү изилдөөлөрдү аныктоодо зарыл болгон коррекцияны жүргүзүүнү, аларды бүгүнкү күндүн шарттарына жана тенденцияларына ылайыкташтырууну талап кылат.

Азыркы мезгилде Кыргызстандын педагогикалык илими үчүн приоритеттүү болуп, биздин көз карашыбызда, мектепте билим берүүнүн өнүгүүсүн, жекече алганда мектеп мугалиминин проблемаларын изилдөө эсептелет.

Негизги проблемалар болуп бүгүнкү күндө окуу китептеринин сапатынын начардыгы жана алардын жетишпегендиги, окуу жайлардагы педагогикалык кадрлардын жетишсиздиги, мугалимдердин айлык акыларынын өз убагында төлөнбөгөндүгү, материалдык базанын эскиргендиги ж.б.д.у.с. эсептелинет. Мына ушундай проблемалардын бардыгы окутуунун сапатынын төмөндөп кетишине алып келди. Мисалга алсак КББИнун 90-ж. башталышында республиканын бардык региондорунда орто мектептин окуучуларынын билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн аныктоо боюнча өткөрүлгөн изилдөөсүнүн негизинде окуу материалын окуучулардын жарымы гана билишээри аныкталган. Жыйынтыктоочу жазуу жүзүндөгү текшерүү иштеринде каталары көп болгон иштердин саны өскөн.

1997-жылдагы математика, кыргыз жана орус тилдери боюнча текшерүү иштеринин жыйынтыктарынын көрсөткүчтөрүн 1987-жылдагы текшерүү иштеринин жыйынтыктары менен салыштыруунун негизинде математика боюнча каталары көп иштердин саны – 21 % ке, кыргыз тили боюнча – 19 %ке , орус тили боюнча – 23 %ке өскөндүгүн байкашкан. Ошондой эле академиялык жетишкендиктери үчүн медалга татыктуу болгон окуучулардын саны да азайган. УТБ тарабынан жүргүзүлгөн сыноолордун жыйынтыгында (1998-ж.) медалга көрсөтүлгөн претенденттердин жалпы санынан 6 предмет боюнча (математика, физика, химия, биология, орус тили, англис тили) 40%ти гана өздөрүнүн медалга татыктуу экендигин көрсөтө алышкан.

*Мына ушул сыяктуу мектепте билим беруунун көйгөйлүү маселелеринин улам, жогорку окуу жайларында билим беруунун проблемалары жана аны чечуунун жолдорун изилдөө маселеси келип чыгат.*

Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын кызматкерлери жана өнүгүүнүн Азиаттык Банкынын эксперттери менен бирдикте 1996-ж. билим берүүнүн ар бир денгээли боюнча келечекке болгон негизги стратегиялардын жана иш-аракеттердин программасын аныктаган " Мастер-план" түзүлгөн, о.э. 1996-ж. февралда Улуттук билим берүү программасы "Билим" кабыл алынган. Мына ушул программалардын бардыгында билим берүүнүн сапатын жогорулатуу маселелери каралган.

Баланын инсандыгынын калыптанышында мектеп системасынын бардык компоненттери-максаты, мазмуну, уюштуруу формалары, методдору, каражаттары маанилүү орунду ээлешет. Бирок ошого карабастан андагы негизги катышуучу болуп мугалим эсептелет.Чындыгында эле финансылык жана материалдык-техникалык мүмкүндүктөр, окутуунун методикасы жана көрсөтмөлүү-дидактикалык каражаттар кандай гана болбосун билим берүүнүн бардык системаларынын эффективдүүлүгү чечүүчү түрдө педогогдордун эмгегинин эффективдүүлүгүнөн, анын адамдык жана кесиптик сапаттарынан көз каранды болот.

Ошол эле мезгилде изилдөөлөр ЖОЖдун бүтүрүүчүсү өзүнүн кесибинин теориялык негиздерин жакшы өздөштүрүү менен бирге, ал дайыма эле өзүнүн мектептеги кесиптик ишмердүүлүгүнө б.а. окуу- тарбия маселелерин чечүүгө даяр болбогондугун белгилешүүдө.Мына ушуга байланыштуу эмне үчүн көптөгөн бүтүрүүчүлөр кесиптик атайын билимдерди алгандан кийин да өз алдынча окуу тарбия ишине даяр эмес болушат? - деген суроо келип чыгат. Биздин оюбузча бул жердеги маанилүү себептердин бири болуп окуу программаларынын ашыкча теориялаштырылгандыгы эсептелет. Мисалы теориянын турмуш менен байланыштуулугу принцибин карап көрсөк деле, ал декларативдуу болуп саналат, себеп дегенде бул принципти окуу процессинде ишке ашыруучу методдор сөздүк, баяндоочу болушат да реалдуу иш-аракеттерди ойгото алышпайт жана кесиптик даярдыктын акыркы жыйынтыгы билимдердин көптүгү, эрудицияга карата чыгарылат, ал эми кесиптик окутуунун логикасы алынган билимдердин практикада колдоно алуу билгичтиктеринин калыптануусун талап кылат. Башкача айтканда мугалим өз кезегинде жаш муундарды окутуу-тарбиялоо иштери менен квалификациялуу түрдө иш жүргүзө алышы керек.

Кесиптик даярдык деп – белгилүү бир кесип боюнча ийгиликтүү иштөө мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуучу атайын билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн, сапаттардын, эмгек тажрыйбасынын жана өзүн алып жүрүүнүн нормаларынын бирдигин түшүнсөк болот. Кесиптик даярдык атайын базалык билимди талап кылуу менен тиешелүү кесиптик жөндөмдүүлүктүн калыптанышына өбөлгө түзөт жана кесиптик чөйрөдө тынымсыз эмгектенүү процессинде өсүп жетилет.

Ошондой эле кесиптик педогогикалык даярдык-студенттердин методиканын, математиканын, педогогиканын жана психологиянын аймактарынан алган билимдерин өзүнө сиңирүү менен практикага жараша ылайыкташтырууга мүмкүндүк түзөт деп айтууга болот.

Окулуп үйрөнүлүүчү дисциплиналардын ар түрдүү түрмөгүндө болочок мугалимдер, биздин көз карашыбызда төмөндөгүдөй зарыл нерселерди үйрөнүп чыгуулары тийиш:

- Билим берүүнүн максатын жана милдеттерин;
- Балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша психологиясынын ар түрдүүлүгүн;

- Билим берүүчү жайлардын түрлөрүнүн, типтеринин өзгөчөлүктөрүн;
- Окуу программаларынын стандарттарынын, вариативдүү окуу пландарынын жана программаларынын мазмунун;
- Педогогикалык компетенттүүлүктү, жекече алганда өзү окутуучу предметтин областындагы компетенттүүлүгү, бүгүнкү күндөгү педагогикалык технологияларды;
- Окуу-дидактикалык материалдарынын, окуу класстарын жабдуунун зарылдыгын, өзгөчөлүгүн;
- Окуу процессин жана окутууну көзөмөлдөөнүн, баалоонун ар түрдүү формаларын билүүнү;
- Ишмердүүлүктүн анализдөө, прогноздоо, пландоо, корректировкалоо, салыштыруу сыяктуу түрлөрүн жана изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүн, тажрыйба алмашуу, ар түрдүү ыкмаларда жана формаларда окутууну;

Окутуунун кесиптик-педагогикалык багытталуучулугу концепциясынын негизинде болочок математика мугалимдеринин ЖОЖдо билим алуу мезгилиндеги кесиптик-педогогикалык даярдыгынын төмөнкү негизги мүнөздөмөлөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот:

- Окуу материалын өтө жогорку деңгээлде билүү;
- Окуу материалын үйрөтүүнүн жана баяндоонун ар тараптуулугу;
- Үйрөнүлүүчү материалдын пропедевтикасын ишке ашыруу;
- Окуу ишмердүүлүгүн мотивициялоону камсыз кылуу;
- Окутууда прикладдык багытталуучулукту жана математикалык моделдөөнү ишке ашыруу;
- Окуу процессинде алгоритмдерди, компьютерди колдонууну билүү;
- Логикалык талкуулоонун катуу талабынын деңгээлин сезе билүү;
- Математиканын тарыхын, көрүнүктүү математиктердин, методист-новаторлордун ишмердүүлүктөрүн билүү;
- Таанып-билүүчүлүк активдуулуктору жана чыгармачылык менен ой жүгүртүү;

ЖОЖдун окутуучулары студенттердин математикалык даярдыгына чыгармачылык ыкма менен мамиле кылуулары керек.Студенттин математикалык даярдыгына чыгармачылык ыкма менен мамиле кылуу деген: математикалык даярдык окутуучунун жетекчилик кылуу ишмердүүлүгү менен студенттин эки түрдүү: окуу таанып-билүүчүлүк- программалык математикалык материалды окуп үйрөнүү жана педагогикалык –математика мугалими кесибинин элементтерине ээ болуу ишмердүүлүгүнүн ортосундагы диалектикалык өз ара байланыш, ар түрдүүлүк жана өз ара шартталгандык көз карашында каралат дегенди түшүндүрөт. Бул болсо болочок математика мугалимин кесиптик жактан тарбиялоо процессинин бирдиктүү эки жагы болуп эсептелет.

Студенттерди өз алдынча педагогикалык ишмердүүлүккө даярдоо үчүн окутуу мезгилинде дайыма алардагы болочок ишмердүүлүктүн төмөнкү компоненттерин:

1. Кесиптик-педагогикалык билимдердин системасын;
2. Кесиптик-педагогикалык жөндөмдүүлүктөрдүн системасын;
3. Чыгармачылык ишмердүүлүктүн тажрыйбасын;
4. Педогогдун инсандыгынын кесиптик маанилүү сапаттарын,

*студенттердин танып-билүүчүлүк жана практикалык ишмердүүлүгүнүн процессинде калыптандыруу зарыл. Билимдин, билгичтиктин жана көндүмдөрдүн сапаты ишмердүүлүктүн мүнөзүнөн түздөн-түз көз каранды болот, мына ошондуктан жогорку мектептин дидактикасына окутуунун активдүү формаларын жайылтууга кам көрүү керек. Бул болсо студенттердин болочок ишмердүүлүктөрүнүн билимдерине, билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө ээ болуудагы кызыгууларын туудурат жана окутуунун сапатын жогорулатууга жардам берет.*

Окутуунун кесиптик-педагогикалык багыталуучулугу студенттерге математиканын мектеп курсунун материалдарынын, анын илимий негиздеринин жана методикалык жактан камсыз болушунун терең жана активдүү билимдерине негизделген, ошондой эле мугалим кесибине жана математикага илимий дисциплина катары, окуу предмети катары терең түшүнүү менен мамиле кылууда жетишилүүчү кесиптик чеберчиликтин негиздерин үзгүлтүксүз жана максаттуу багытталган түрдө калыптандыруунун зарылдыгы катары аныкталат.

Демек, ЖОЖдун бүтүрүүчүсүнүн болочок ишмердүүлүгүнө болгон даярдыгынын төмөнкү компоненттерин өнүктүрүү зарыл.

- Мотивациялык (мугалим кесибине болгон кызыгуусу, ошондой эле математикага илим катары жана өзүнүн болочокто окутуучу обьектиси катары мамилеси).
- Ориентациялык (болочок ишмердүүлүгү жөнүндө предметтик жактан да, педогогикалык жактан да билүү).
- Операционалдык (ишмердүүлүктүн жөндөмдүүлүктөрүнө ээ болуу ).

Белгилей кетүүчү нерсе, ЖОЖдун окутуучусуна өзүнүн илиминин областындагы эле эмес окутуунун методикасы, психология, педогогика илимдеринин областарындагы дагы жогорку квалификациялуу адис катары жогорулатылган талаптар коюлушу зарыл, ошондой эле ал өзүнүн жекече мисалында студенттердин алдында педагог кесибинин даражасын жогорулатууга салым кошушу керек.

## ЛИТЕРАТУРА


1. Мирошниченко Л.П. Формирование готовности педагога к работе в условиях обновления образования / КНИИВШ.- Б., 1998.-60с.
2. Мамбетакунов Э., Курманбаев С.Э. Историко-педагогические аспекты гуманизации университетского образования: учебно- методическое пособие.- Бишкек, КГНУ, 1997. -48с
3. /Кут билим. 19-сентябрь, 1998-ж., №32 .
   /Кут билим. 21-август, 1999-ж., №26.
4. Региональное изучение проблем тенденций и политики образования. КНИИВШ.- Б., 1998.